КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРОЗБЕКОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Орозбеков айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма экинчи сессиясы**

Орозбеков айылы 2023-жылдын 04-октябры

**ТОКТОМ № 137**

**Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 61-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29- августундагы ПЖ № 215 "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгына негиз жана Кадамжай районунун мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 15-сентябрындагы №01-17/2411 сандуу катын аткарууга алуу максатында, Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйынын Орозбеков айыл аймагынын Орозбеков айылында жайгашкан С.Тешеев орто мектебинде 2023-жылдын 18-ноябрында саат 10.00 дө өткөрүү жагы белгиленсин.

2. Орозбеков айыл аймагынын айылдарынан жамааттардын өкулдөрүн шайлоо боюнча "Жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү боюнча тиешелүү аймакты бөлүктөргө бөлүү ченеми боюнча" Түшүндүрмөгө негиз айыл аймактын калкынын санына жараша жети калктуу конуштан 100 делегат шайлансын.

3. 2023-жылдын 16-25-октябрь кундөрү өткөрүлүүчү жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйынына жамааттардын өкулдөрүн шайлоо боюнча жыйындардын графиги жана ага жооптуу айылдык кенештин депутаттарынын тизмеси 1-2 тиркемеге ылайык, Жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү боюнча 7 (жети) адамдан турган жумушчу тобунун курамы 3-тиркемеге ылайык бекитилсин. (тиркемелер тиркелет)

4. Жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү жана уюштуруу тобуна шарттарды түзүү жана материалдык жактан камсыздоо жагы Орозбеков айыл өкмөтүнө (З.Н.Максутовго) жүктөлсүн.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **О. Ибрагимов.**